**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**"Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ" ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ**

**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**Окумуштуулар кеңешинде**
**каралып, бекитүүгө сунушталган**
**Протокол № 5**
**"31" 01 2025-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**ректору, т.и.д., профессор**
**К.Ж.Усенов ____________**
**"03" 02 2025-ж.**

# СТУДЕНТТЕРДИН УЧУРДАГЫ ЖЕТИШҮҮСҮН ЖАНА АРАЛЫК АТТЕСТАЦИЯСЫН ТЕКШЕРҮҮДӨ БААЛОО КАРАЖАТТАРЫНЫН ФОНДУН ТҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБО

**Жалал-Абад-2025**

**1.Жалпы жоболор**

**1.1.**Жобо Кыргыз Республикасынын 11.08.2023 жылдагы «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана “Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий билим берүү өндүрүштүк комплексинин Уставына, КРнын Министрлер Кабинетинин 2024-хылдын 22-майы, Nэ 258 Кесиптик жогорку жана орто билим беруу чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө токтомунун жана КРнын Министрлер Кабинетинин 2024 -жылдын 24-сентябрындагы, № 590 Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынынишин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө жана 2025-жылдын 10-июнундагы №329 , Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө,о.э. 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 “Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө” токтомдоруна , КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин № 1372/1, 04.09.2024 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 “Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө” токтомун ишке ашырыу тууралуу буйругуна ылайык, ЖАМУда иштелип чыккан жогорку жана орто кесиптик билим берүү боюнча негизги билим берүү программасы **жөнүндөгү жобого жана студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу жөнүндөгү жобого** таянып жасалды

**1.2. Баалоо каражаттарынын фондун түзүүнүн максаты**

Баалоо каражаттарынын фонду (БКФ) — бул окутуунун жыйынтыктарын текшерүү үчүн колдонулуучу баалоо материалдарынын, тапшырмалардын жана көрсөткүчтөрдүн жыйындысы.

Максаттары:

- студенттердин/окуучулардын билим, жөндөм, компетенцияларын объективдүү баалоо;
- окутуунун сапатын камсыздоо;
- баалоонун бирдиктүү критерийлерин түзүү.

**1.3.**Студенттердин учурдагы жетишүүсүн жана аралык аттестациясын текшерүү үчүн баалоо каражаттарынын фондун (мындан ары - БКФ) түзүүнүн тартиби (мындан ары тартип) Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетиндеги (мындан ары - ЖАМУ) билим берүү программасынын талаптарына ылайык билим алып жаткандардын баскыч-баскычы менен коюлган талаптарга жеке жетишүүсүнүн дал келүүсүн текшерүүдөгү баалоо каражаттарынын фондун иштеп чыгуунун эрежелерин, талаптарын, структурасын, мазмунун, жасалгаланышын жана аны бекитүү жол жобосун жөнгө салат.

**1.4**.Дисциплина боюнча баалоо каражаттарынын фонду (БКФ) студенттер тарабынан билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн натыйжаларын баалоо системасын камсыздоонун ченемдик-методикалык жактан ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**1.5.**Дисциплина боюнча баалоо каражаттарынын фонду текшерүү-ченөө материалдарынын (типтүү маселелер (тапшырмалар), текшерүү иштер, тесттер ж.б.) жыйындысын жана белгиленген окутуунун натыйжаларына студент тарабынан жетишилген деңгээлди ченөөгө багытталган ыкмаларды колдонууну аныктайт.

**1.6.** Дисциплина боюнча БКФ студенттердин учурдагы жетишүүсүн текшерүү жана аралык аттестация жүргүзүүдө колдонулат.

**1.7.**БКФ дисциплинанын окуу-усулдук комплексинин курамына кирет

**1.8.**Дисциплина боюнча БКФ түзүү тартибин аткаруу билим берүү программасын ишке ашырууну камсыз кылган бардык кафедрага,ПЦКга милдеттендирилет.

**2.Баалоо каражаттарынын фондунун мазмуну**
**1.Стандарттарга, билим берүү программаларга шайкештик**

- БКФны түзүүдө анын төмөндөгүлөргө дал келүүсү шарт:
- жогорку жана орто кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик стандартынын тиешелүү даярдоо багытына (адистигине);
- билим берүү программасында белгиленген окутуунун максаттарына жана күтүлүүчү натыйжаларга;
- даярдоо багыттарынын (адистиктердин) окуу планына;
- дисциплинанын жумушчу программасына.

2. **Системалуулук жана толуктук**
   Фонд ар бир модул, предмет, дисциплина боюнча бардык окуу натыйжаларын камтууга тийиш.
3. **Объективдүүлүк жана ишенимдүүлүк**
   Ар бир тапшырма так критерийлер менен коштолот, жыйынтыктарды ар башка баалоочу бирдей чыгара ала тургандай болушу зарыл.
4. **Түшүнүктүүлүк жана жеткиликтүүлүк**
   Баалоо каражаттары студенттерге түшүнүктүү, аткарууга ылайыктуу болушу керек.
5. **Ачыктык жана купуялуулук балансы**
   Баалоо системасынын принциптери студенттерге ачык түшүндүрүлөт, бирок тесттик суроолор, жыйынтыктоочу материалдар корголот.
6. **Маалыматтарды жаңылоо**
   Фонд мезгил-мезгили менен кайра каралып, актуалдаштырылып турушу зарыл.

**3. Баалоо каражаттарынын фондунун түзүлүшү**

БКФ, адатта, төмөнкү документтерди камтыйт:

1. **Окуу натыйжаларынын тизмеси**
2. **Баалоо түрлөрүнүн жана формаларынын тизмеги** (жыйынтыктоочу, аралык, учурдагы)
3. **Баалоо тапшырмаларынын үлгүлөрү** (тест, долбоор, практикалык иш, эссе ж.б.)
4. **Баалоо критерийлери жана шкаласы**
5. **Бланктар, протоколдор, жооп барактары**
6. **Жыйынтыктарды анализдөө жана сактоо тартиби**

**4. Баалоо каражаттарынын түрлөрү**

| Түрү | Мисалы | Максаты |
|---|---|---|
| **Учурдагы (оперативдүү) баалоо** | суроо-жооп, үй тапшырма, лабораториялык иш | Окутуунун жүрүшүндөгү өздөштүрүүнү текшерүү |
| **Аралык баалоо** | модулдук тест, контрольдук иш, практикалык иш | Белгилүү бир теманын же модулдун жыйынтыгын аныктоо |
| **Жыйынтыктоочу баалоо** | экзамен, квалификациялык тест, долбоорду коргоо | Программанын акыркы жыйынтыгын баалоо |
| **Диагностикалык баалоо** | киришүү тест, анкета | Баштапкы деңгээлди аныктоо |
| **Өзүн-өзү баалоо жана бири бирин баалоо** | рефлексия, өзүн-өзү анализдөө | Өзүнүн жетишкендиктерин баалоо көндүмүн өнүктүрүү |

БКФны түзүүдө пайдаланууга сунушталган баалоо каражаттарынын болжолдуу тизмеси жана кыскача мүнөздөмөсү эске алынуусу зарыл (Тиркеме №1).

**5. Баалоо каражаттарынын фондун түзүү кадамдары**

1. Окуу натыйжаларын аныктоо (чечмелөө).
2. Ар бир натыйжага ылайык баалоо формасын тандоо.
3. Тесттерди, тапшырмаларды, критерийлерди иштеп чыгуу.
4. Баалоо материалдарын эксперттик карап чыгуу.
5. Фондду бекитүү (кафедра, ПЦК,окуу бөлүмү тарабынан).
6. Колдонуу жана мезгил-мезгили менен жаңылоо

**6. Баалоо каражаттарынын фондун иштеп чыгуу**

1. БКФ кафедрада,ПЦКда окутулуп жаткан ар бир дисциплина боюнча иштелип чыгат.
2. Эгерде ар түрдүү профилдерге мазмуну окшош жана бирдиктүү талаптар менен окутулган дисциплина болсо, анда ал дисциплинага бир БКФ түзсө болот.
3. Ар түрдүү даярдоо багыттарында (адистиктерде) окутулган дисциплиналарга бирдиктүү баалоо каражаттарынын фондун иштеп чыгуу дисциплинаны окутууну камсыз кылган кафедранын,ПЦКнын чечими менен аныкталат.
4. .БКФ түздөн-түз иштеп чыгуучу (иштеп чыгуучуларды) эреже катары, ушул дисциплинаны окуткан педагогикалык кызматкерлердин арасынан кафедранын башчысы аркылуу дайындалат.
5. БКФ кагаз жана электрондук түрдө түзүлөт.

**7. Баалоо каражаттарынын фондунун экспертизасынын, макулдашуусунун жана жаңылануусунун процедурасы.**

1. .Түзүлгөн БКФ ички экспертизадан өтүүсү зарыл. Экспертизанын натыйжасы эксперттик корутунду менен жыйынтыкталат. БКФнын экспертизасы жогорку жана орто кесиптик билим берүү стандартынын талаптарына, даярдоо багыттары (адистиктери) боюнча билим берүү программасына, дисциплинанын жумушчу программасында келтирилген окутуунун максаттары жана милдеттерине дал келүүсүн текшерүү максатында жүргүзүлөт.
2. Дисциплиналар боюнча БКФнын экспертизасын тиешелүү кафедранын педагогикалык кызматкерлери, илимдин кандидаты же доктору илимий даражасы бар жана илимий даражалуу доцент, профессорлор жүргүзүшөт.
3. .Жобонун 4.1.1 пунктуна ылайык БКФ экспертизасы даярдоо профили дал келген кафедра аркылуу ишке ашырылат.
4. .Ушул жобонун 4.1.1 пунктуна ылайык дисциплина ар башка кафедраларда окутулса БКФ экспертизасы бүтүрүүчү кафедра аркылуу ар бир даярдоо багытына (адистигине) өзүнчө жүргүзүлөт.
5. .Оң маанидеги корутунду алынган учурда БКФ кафедранын жыйынында талкууланат жана бекитилет.
6. .БКФнын жаңылануусу ( өзгөртүүлөрдү киргизүү, жокко чыгаруу, жаңы баалоо каражаттарын киргизүү ж.б.) бир жылда бир жолу билим берүү программасы жаңыланган учурда БКФны түзүүчү аркылуу ишке ашырылат.
7. БКФ иштеп чыгуу жана экспертиза жүргүзүү, окуу жүктөмүн эсептөөдө окутуучулардын жекече иш пландарында эске алынат.

**8. Баалоо каражаттарынын фондун иштеп чыгуу жоопкерчилиги жана аны сактоо**

1. БКФны түзүү жана сактоо жоопкерчилиги дисциплина бекитилген кафедрага жүктөлөт.
2. .БКФнын иштелип чыгуу сапатына, туура түзүлгөндүгүнө жана жасалгасына иштеп чыккан окутуучу жооптуу.

3. БКФнын басма жана электрондук нускалары окуу-методикалык комплекстин курамына кирет жана кафедрада сакталат.
4. Суроолордун, маселелердин, тапшырмалардын жана башка текшерүү-ченөө материалдарынын өтүм-сынактык базага киргизүүнү пландаштырылган болжолдуу тизмеси (БКФ) окуу жайдын AVN порталына жайгаштырылат.

**Тиркеме №1**

**Баалоо каражаттарынын болжолдуу тизмеси**

| № | Баалоо каражатынын аталышы | Баалоо каражатынын кыскача мүнөздөмөсү | Баалоо каражатын БК фондуна көрсөтүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Иштиктүү жана/же болбосо ролдук оюндар | Окуу жана кесипке багытталган маселелерди оюн жолу менен реалдуу проблемалуу кырдаалды чечүү максатында педагогикалык кызматкердин жетекчилиги астында билим алып жаткандардын тобу менен педагогикалык кызматкердин биргелешкен ишмердүүлүгү. Баалоо каражаттарынын бул формасы ык-машыгууларды баалоого, типтүү кесиптик тапшырмаларды анализдөөгө жана чечүүгө мүмкүндүк берет. | Тема (көйгөй), концепция, ролдор жана ар бир оюн боюнча күтүлүүчү натыйжа |
| 2 | Кейс-стади | Көйгөйдү чечүү үчүн зарыл болгон, билим алуучуга реалдуу кесипке багытталган кырдаалды түшүнүүнү сунуштаган көйгөйлүү тапшырма | Кейс-маселелерди чечүү үчүн тапшырмалар |
| 3 | Коллоквиум | Дисциплинанын темаларынын, бөлүмүнүн же бөлүмдөрүнүн окуу материалдарын өздөштүрүүсүн текшерүүнүн каражаты. Бул билим алып жаткандар менен педагогикалык кызматкердин аңгемелешүүсү түрүндөгү сабакты уюштуруу каражаты | Дисциплина боюнча темалар/бөлүмдөр боюнча суроолору |
| 4 | Текшерүү иши | Тема же болбосо бөлүм боюнча белгилүү типтеги маселелерди чечүү үчүн алган билимин колдоно билүүсүн текшерүү каражаты | Варианттар боюнча текшерүү иштердин толук жыйнагы |
| 5 | Тегерек стол, талкуулоо, полемика, диспут, дебаттар | Билим алып жаткандарды талаш болгон суроолорду, көйгөйлөрдү талкуулоого катыштыруу жана өз көз карашын далилдөөнү билгендигин текшерген баалоо каражаты. | Тегерек стол, дискуссия, полемика, диспут, дебаттарды өткөрүү үчүн дискуссиялык темалардын тизмеси |
| 6 | Портфолио | Бир же болбосо бир нече дисциплиналарда студенттердин өзүнчө билим алуудагы жетишкендигин ачып бере алган иштеринин максаттуу топтому | Портфолионун түзүлүшү |
| 7 | Долбоор | Окуу жана изилдөө тапшырмалардын комплексин | Топтук жана жекече |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | пландоо жана аткарууда алынган жыйынтыктарынын акыркы натыйжасы. Билим алып жаткандарга өз алдынча практикалык тапшырмаларды жана көйгөйлөрдү чечүү процессинде өздөрүнүн билимин өз алдынча баалоого көмөктөшөт. Долбоор өз алдынча же болбосо билим алып жаткандардан турган топ аркылуу аткарылат. | долбоорлордун темалары |
| 8 | Жумушчу дептери | Билим алуучунун өз алдынча иштөөсү үчүн багытталган жана окуу материалын өздөштүрүү денгээлин баалоого мүмкүнчүлүк берген дидактикалык комплекс | Жумушчу дептердин үлгүсү |
| 9 | Түрдүү деңгээлдеги тапшырмалар | Маселелер жана тапшырмалардын төмөндөгүдөй түрлөрү айырмаланат: а) фактылык материалды билүүсүн баалоо жана диагноздоого мүмкүндүк берүүчү жана атайын термин, түшүнүктөрдү туура колдоно билүүнүн репродуктивдик деңгээли; б) фактылык жана теориялык материалдарды жалпылоону, анализдөөнү билүүсүн баалоо жана диагноздоого мүмкүндүк берген реконструктивдик деңгээл в) ык-машыгууларга ээ болуусун баалоого жана диагноздоого мүмкүндүк берген, ар кандай тармактагы билимди интеграциялоону, жеке көз карашты далилдөөнү берген чыгармачылык деңгээл | Түрдүү деңгээлдүү маселелер жана тапшырмалардын толук жыйнагы |
| 10 | Эсептик графикалык иштер | Мурда белгиленген усул боюнча маселелерди иштеп чыгуу же болбосо дисциплина, модул боюнча алган билимин колдоно билген текшерүү каражаты. | Эсептик графикалык ишти аткаруу үчүн тапшырмалардын толук жыйнагы |
| 11 | Реферат | Белгилүү бир илимий (окуу-изилдөөчү) тема боюнча алынган теориялык анализдин жыйынтыктарын жазуу жүзүндө кыскача баяндап жазган студенттин өз алдынча ишинин натыйжасы. Мында автор изилдеген теманын негизги маңызын ачып көрсөтөт, ар түрдүү көз карашты талдоого алат жана | Рефераттардын темасы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | өзүнүн жеке көз карашын чагылдырат. | |
| 12 | Доклад, маалымат | Белгилүү окуу-практикалык, окуу-изилдөө же илимий темалар боюнча алынган натыйжалардын чечимин эл алдына чыгып сүйлөө бул студенттин өз алдынча ишинин түшүмү. | Доклад, маалыматтардын темалары |
| 13 | Аңгемелешүү | Белгилүү бир бөлүм, тема, көйгөй ж.б. боюнча билим алуучунун билимин аныктоого арналган, окуп жаткан дисциплина менен байланышкан тема боюнча педагогикалык кызматкер жана окуучунун атайын уюштурулган аңгемелешүүсүн текшерүү каражаты | Дисциплинанын тема/бөлүмдөрү боюнча суроолору |
| 14 | Чыгармачылык тапшырма | Стандарттан сырткары чечими бар жана ар тараптуу билимин интеграциялоого жана диагностикалоого, өзүнүн жеке көз карашын далилдөөгө мүмкүнчүлүгү болгон жарым жартылай регламенттелген тапшырма. Өз алдынча же болбосо окуп жаткандардан турган топ аркылуу аткарылса болот. | Топ жана/же болбосо жекече чыгармачылык тапшырмалардын темалары |
| 15 | Тест | Билим алып жаткандардын билим деңгээлин өлчөө процедурасын автоматташтырууга мүмкүндүк берген стандартташтырылган тапшырмалардын системасы | Тесттик тапшырмалардын фонду |
| 16 | Тренажер | Студенттин калыптандырылган кесиптик жөндөмдүүлүгүн жана конкреттүү материалдык обьекти башкара билүү ыкмаларын текшерүүдө колдонулган техникалык каражат | Тренажердо иштөө үчүн тапшырмалардын толук жыйнагы |
| 17 | Эссе | Билим алып жаткандардын коюлган көйгөй боюнча өз оюн жазуу жүзүндө айтып берүүсүнө, өз алдынча тиешелүү дисциплинанын концепциясын колдонуу менен анализ жүргүзүүсүнө, коюлган көйгөй боюнча автордук позициясын жалпылоого баа берүүгө мүмкүндүк берген каражат. | Эссенин тематикасы |

Тиркеме №2

**Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**

Б.Осмонов Жалал-Абад мамлекеттик университети

__________________________кафедрасы, ПЦКсы

**Баалоо каражаттарынын фонду**

Окуу дисциплинасы боюнча багыты_______________________

профили_______________________

бүтүрүүчүнүн квалификациясы ( даражасы):

Бакалавр (Магистр)

БЕКИТИЛГЕН
Кафедранын отурумунда_____
"_______"______20___ж.
протокол №________
кафедра башчысы
____________________
*(колу)*

Жалал-Абад 2023-ж

Тиркеме №3

**Окуу дисциплина боюнча баалоо каражаттарынын фондунун**
**ПАСПОРТУ**

**_____________________________________________**

**1.Компетенцияларды текшерүү моделдери:**

1.1.Дисциплинаны окутуудагы процессте калыптанган компетенциялар (_____семестр):

| Индекс | Компетенциялардын формулировкасы |
|---|---|
| | |
| | |
| | |

1.2.Коюлган компетенцияларды калыптандырууда катышкан башка дисциплиналар ( ошондой эле башка кафедраларда окутулган) жөнүндө маалымат:

1.2.1.Дисциплинаны (практика) өтүүдө окутуу процессинде компетенциясы __________________ калыптандырылат.

**2. Билим алуунун жыйынтыгында студенттин билүүсү шарт:**

2.1. билүүсү керек: ________________________________________

2.2. жасай алуусу керек: ____________________________________

2.3. колдоно билүүсү керек: _________________________________

Тийиштүү даярдоо багыты боюнча билим деңгээли ЖКББ МБССна ылайык аныкталат.

**3.Баалоонун текшерүүчү компетенцияларынын программасы:**

| № | Дисциплинаны текшерген модулдар жана бөлүмдөр (темалар) | Текшерилүүчү компетенциялардын коду | Баалоо каражатынын аталышы |
|---|---|---|---|
| | | | |

Теманын (бөлүмдүн) же болбосо темалардын (бөлүмдөрдүн) аталышы дисциплинанын жумушчу программасынан алынат.

Баалоо каражатынын аталышы деген графага компетенцияга баа берүү ыкмасы ( текшерүүчү компетенциялардын бөлүмдөрү) ( оозеки, жазуу түрүндө, компьютердик технологиялар ж.б.) кирет.

БКФнын бир түрүнүн жасалгалоо үлгүсү

Тиркеме №4

**Ишкердик жана ролдук оюндардын тапшырмаларын жол-жоболоштуруу (жасалгалоо)**

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети
_________________________кафедрасы
( кафедранын аталышы)

Ишкердик ( ролдук) оюн
________________________дисциплинасы боюнча
(дисциплинанын аталышы)

**1.Тема ( көйгөй )** ------------------------------------------------------------------------
--------------------------------------------------------------------------------------------

**2.Оюндун концепциясы** -----------------------------------------------------------------
--------------------------------------------------------------------------------------------

**3.Ролдор:**
--------------------------------------------------------------------------------------------
--------------------------------------------------------------------------------------------

**4.Күтүлүүчү натыйжа(лар)** -------------------------------------------------------------
--------------------------------------------------------------------------------------------

**Баалоо критерийлери:**

- Студентке “эң жакшы” деген баа коюлат эгерде-----------
- “жакшы” деген баа ----------------------------------------------
- “канааттандырарлык” деген баа--------------------------------
- “канааттандырарлык эмес “ деген баа ------------------------
- студентке “өттү” деген баа коюлат эгерде -------------------
- “өткөн жок” деген баа -------------------------------------------

Педагогикалык кызматкер_______________________________аты, фамилиясы
( колу)

**Тиркеме№5**

# ПЕДАГОГИКА ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА БААЛОО КАРАЖАТТАРЫНЫН ФОНДУ

## 1. Жалпы маалымат

| Параметр | Маалымат |
|---|---|
| Сабактын аталышы | **Педагогика** |
| Билим берүү программасы | Педагогикалык адистиктер |
| Окутуунун формасы | Теориялык жана практикалык |
| БКФнын максаты | Студенттин педагогикалык теорияны жана практикалык көндүмдөрдү өздөштүрүү деңгээлин объективдүү баалоо |

## 2. Окуу натыйжалары (жыйынтыктары)

Студент төмөнкүлөрдү билиши, түшүнүшү жана колдоно билиши керек:

| № | Окуу натыйжасы | Баалоо формасы |
|---|---|---|
| 1 | Педагогиканын негизги түшүнүктөрүн жана принциптерин билүү | Тест, суроо-жооп |
| 2 | Окутуунун жана тарбиялоонун мыйзамченемдүүлүктөрүн түшүндүрүү | Жазуу иши, эссе |
| 3 | Педагогикалык кырдаалдарды талдоо жана чечүү | Практикалык тапшырма, кейс-стади |
| 4 | Сабакты пландаштыруу жана уюштуруу көндүмүн көрсөтүү | Долбоор, сабак иштеп чыгуу |
| 5 | Өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүнө анализ берүү | Өзүн-өзү баалоо, рефлексия |

## 3. Баалоо түрлөрү жана формалары

| Баалоо түрү | Формасы | Мазмуну |
|---|---|---|
| **Учурдагы баалоо** | Суроо-жооп, үй тапшырмасы, мини-тест | Ар бир теманы өздөштүрүү деңгээлин текшерүү |
| **Аралык баалоо** | Контрольдук иш, презентация, практикалык тапшырма | Теманын же модулдун жыйынтыгын аныктоо |
| **Жыйынтыктоочу баалоо** | Экзамен (тест жана ачык суроолор), долбоорду коргоо | Жалпы билим жана компетенцияларды текшерүү |

## 4. Баалоо критерийлери жана шкала

| Деңгээли | Балл | Сыпаттама |
|---|---|---|
| **Жогорку (мыкты)** | 90–100 | Материалды толук билет, мисал келтирет, чыгармачыл ой жүгүртөт |
| **Жакшы** | 75–89 | Материалды билет, бирок майда кемчиликтер бар |
| **Канааттандыраарлык** | 60–74 | Негизги түшүнүктөрдү билет, бирок терең түшүндүрө албайт |
| **Канааттандыраарлык эмес** | <60 | Материалды өздөштүрө алган эмес |

**5. Баалоо тапшырмаларынын үлгүлөрү**

***5.1. Тесттик тапшырмалар (мисалдар)***

1. Педагогика илиминин негизги объектиси эмне?
   а) Окутуу процесси
   б) Тарбия процессин
   в) Адамдын өнүгүү процесси ✅
   г) Социалдык байланыштар
2. Окутуунун негизги принциптерине кайсы жатады?
   а) Системалуулук ✅
   б) Татаалдаштыруу
   в) Тажрыйба алмашуу
   г) Жекечелештирүү

***5.2. Практикалык тапшырма***

Педагогикалык кырдаал берилет.
Студент кырдаалды талдап, мугалимдин туура жүрүм-турумун жана мүмкүн болгон чечимдерди сунуштайт.
**Баалоо критерийлери:** кырдаалды түшүнүү, логикалык ой жүгүртүү, чыгармачыл чечим.

***5.3. Долбоордук иш***

"Замандын талабына жооп берген мугалимдин портрети" темасында мини-проект даярдоо.
**Критерийлер:** мазмундун толуктугу, анализ, дизайн, өз алдынчалык, чыгармачылык.

**6. Документтер жана формалар**

- Баалоо баракчасы (критерийлер боюнча)
- Жооп баракчасы (тесттер үчүн)
- Долбоорду баалоо протоколу
- Студенттин өзүн-өзү баалоо формасы

**7. Фондду жаңылоо жана сактоо тартиби**

- Фонд ар бир окуу жылында предметтик комиссия тарабынан каралып чыгат.
- Жаңы тесттер, тапшырмалар жана критерийлер кошулат.
- Бардык материалдар электрондук жана кагаз түрүндө кафедрада сакталат.